КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕРДИКЕ БААТЫР АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАКСКИЙ КЕҢЕШ
БЕРДИКЕ БААТЫР

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2022-жылдын 21-апрели № 29** **Кум-Арык айылы**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү, үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 сандуу Жарлыгын ишке ашыруу жана аткарууга алуу максатында

**ТОКТОМ КЫЛАМ:**

1. Айыл аймакта каада салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттар тартипке келтирүү, үйлөнү-үлпөтүн жана үй-бүлөлүк маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш- чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо бекитилсин /жобо тиркелет/
   - Бекитилген Жобонун негизинде иштер жүргүзүлсүн
2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөт башчы Э.Тажыкановго жүктөлсүн

**Төрага** **Азизбек уулу Улукмырза**

Бердике баатыр айыл Кеңешинин 2022-жылдын 21-апрель № 29 токтому менен бекитилди

**Айыл аймакта үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо**


1. Жалпы жоболор
2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби
3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби
4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби
5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары
6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик


1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54-Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты шаарларда, айылдарда жана башка калктуу конуштарда үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт-санаасын, үрп-адатын тоготпоого жол бербөө, ата салтына жат терс көрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1. Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындан ары – жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругунун негизинде комиссия түзүлөт.

2.2. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3. Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте сайтка жарыяланат, юстиция органында мамлекеттик каттоодон өткөрүлөт.

2.4. Жобо ага кызыккан жарандарга айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

3.1. Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик тою, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) тою, куда тосуу, маараке салтанаттары ж.б. кирет.

3.2. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүдө ашыра ысырапкерчиликке жол бербөөжөнүндө түзүлгөн комиссия тарабынан жеринде түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

3.3. Куда тосууда себет алып баруу, келген кудаларды туштөндүрүү сыяктуу ашыкча ысырапкерчиликке тыюу салынсын.

4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби

4.1. Майып чыккан үйдө майып жерге берилгенге чейин мал союуга тыюу салынсын.

4.2. Майып чыккан үйдө, майып жерге берилгенден кийин жандык мал союлбай куран окутууга макулдук берилсин.

4.4. Майып чыккан үйгө чапан, мата, килем, жыртыш, чачыла алып барууга жана майып ээси тарабынан жыртыш, бет арчы таратууга тыюу салынсын.
4.5. Майыпты мүмкунчүлүккө жараша эрте жерге берүү жагы белгиленсин.

5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары
5.1. Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү өлгөндү эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырат.

6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик
Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүү боюнча жобонун талабын бузгандык үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде, жергиликтүү жамаатын уставында жана айылдын, шаардын ички мыйзамдарында жана эрежелеринде каралган (айылдык жыйындар, жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган) айып жазаларынын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат.